«Бекитемин»
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү
Жамалдинов Зиядин Исламович ________
«18» октябрь 2022 ж.

## Илимий-изилдөө ишинин жыйынтыктарын кийрүү

## АКТЫСЫ

**1. Кийрүүнүн автору:** Умаров Сайбидин Тойчуевич;

**2. Илимий-изилдөө ишинин аталышы**: "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор"

**3. Кыска мазмуну:** *Изилдөөнүн максаты* болуп экономикалык өсүү платформасы катары агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттарды жана факторлорду калыптандыруунун жана пайдалануунун теориялык жана методологиялык негиздерин иштеп чыгуу саналат.

*Изилдөөнүн объектиси* катары Кыргызстандын агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү изилденди.

*Изилдөөнүн илимий жаңылыгы* катары учурдагы агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттарды жана факторлорду теориялык, методикалык жана практикалык жактан сунуштарды иштеп чыгуу эсептелет.

**4. Кийрүүнүн эффектиси:** Изилдөөнүн натыйжасында алынган тыянактар АӨЖ өндүрүшүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн өнүктүрүүнүн республикалык жана аймактык алкагында экономикалык механизмдердин негизги жоболорун тактайт жана толуктайт.

АӨЖ өндүрүшүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маңызына жана мазмунуна тактоолор киргизүү менен атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген факторлор аныкталып агро-секторундагы натыйжалуулугун жогорулатат. Айрым чет өлкөлөрдүн мисалында айыл чарба ишмердүүлүгүнүн кайра иштетүү, ташуу жана соода менен интеграциялануу тажрыйбасы жана аларды КР нын шарттарында пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү түзүлөт. Айыл чарба, тамак-аш өнөр-жай тармактарынын ишин, логистиканы жакшыртуунун резервдери түзүүгө жана жакшыртууга болот. Агрардык сектордун продукциясынын атаандаштык артыкчылыктары жакшыртуу менен тамак-аш тармагынын продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулайт. Продукциянын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун акыркы чеги катары

алмашуу операциялары Кыргызстан-Германия эл аралык кызматташтыгынын алкагында кара өрүктү өстүрүү, кайра иштетүү жана сатуунун бизнеси өркүндөйт.

5. **Кийрүү болгон жери жана мөөнөтү**: Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү, 2020-2022-жж.

6. **Кийрүүнүн формасы:** Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүгү 2021-2025-жылдарда өнүктүрүү стратегиясын жана башка кыска жана орто мөөнөттөргө иш-пландарды жана прогноздорду түзүүдө колдонулду.

Изилдөөчү агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун аныкталган факторлору аларды рейтинги боюнча системалаштырууга мүмкүндүк берет. Бул, өз кезегинде, алардын экономикалык натыйжаларга таасирин эсептеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт. Изилдөөнүн натыйжалары Ош облусунда логистикалык борборлорду куруу зарылдыгын белгилөөгө жана бул коомдук чыгымдарды коомдук зарыл чыгымдардын деңгээлине чейин кыскартууну камсыздайт. Эл аралык кызматташтыктын алкагында кара өрүк жемишин өндүрүүнү жана сатууну эксперименталдык долбоорлоо долбоордун бардык катышуучуларына экономикалык жактан пайданы камсыз кылат.

Изилдөөнүн негизги жыйынтыктарынын практикалык маанилүүлүгү алар агроөнөр жай өндүрүшүн, дыйканчылык жана мал чарба продукциясын ташуу, сатуу жана керектөөнү өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгууда, рынок мамилелерин, жер иштетүү жана мал чарба продукцияларын рынокко алып чыгууну уюштурууну андан ары өнүктүрүүдө пайдаланылышы мүмкүн экендигинде турат. Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларда “Ишканалардын экономикасы”, “Тармактардын экономикасы”, “Улуттук экономика” ж.б. курстарды окутууда, илим-изилдөө иштеринде жана окуу-усулдук иштерди даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

КР Президентинин
Ош облусундагы ыйгарым укуктуу
өкүлүнүн аппаратынын
“Экономика жана регионду
комлекстүү өнүктүрүү” бөлүмүнүн
башкы адиси: Кадыров А. С.

Ош ТУнун илим жана инновациялар
боюнча проректору, айыл чарба
илимдеринин доктору, доцент Танаков Н.Т.

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУ ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«01» 11 2022 ж